**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ИЛИМ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТИРЛИГИ**

«БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу №__863/1_____
«___10___»___май____2022ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМИНИН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ СТАНДАРТЫ

**Адистиги: 070907 «Живопись»**

**Квалификациясы Сүрөтчү-живописчи, мугалим**

**Бишкек -2022 ж.**

## 1-Бөлүм.
## Жалпы жоболор

1. **070907 «Живопись»** адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары - Мамлекеттик билим берүү стандарты) "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштеп чыккан.

2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында колдонулуучу аныктамалар:

- **негизги кесиптик билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү жараянын ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-усулдук иш кагаздардын жыйындысы;

- **сабактарынын цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыка ээ болгон кесиптик билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;

- **модул –** окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;

- **компетенция** - окуучунун аныкталган бир чөйрөдө майнаптуу жана жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон билими жагынан даярдоого карата алдын ала коюлган социалдык талап (ченем);

- **кредит** - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу ченеми;

- **окутуунун натыйжалары** - негизги кесиптик билим берүү программасы/ модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;

- **кесиптик стандарт** - кесиптик иштин конкреттүү түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды белгилөөчү, кызматкер кайсы иште болсо да, кайсыл уюмда болсо да өзүнүн ордун татыктуу ээлеши үчүн кызматкерде болушу милдеттүү болгон квалификациянын сапаттык деңгээлин баяндаган негиз түзүүчү документ.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу, орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарына, анын менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан, баардыгына милдеттүү болуп саналат.

## 2-Бөлүм
## Колдонуу жааты

3. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты **070907 «Живопись»** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында тиешелүү адистик боюнча лицензиясы жана аккредитациясы бар, менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелет.

4. **070907 «Живопись»** адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүүнүн уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;

- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;

- кесиптик иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;

- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;

- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;

- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын контролдоону камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын контролдоочу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;

- билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоочу агенттиктер.

## 3- Бөлүм
## Адистикти даярдоонун жалпы мүнөздөмөсү

5. **070907 «Живопись»** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүнүн

программаларын өздөштүрүү формасы: - күндүзгү;

6. Жалпы орто жалпы билим берүүнүн базасында жана негизги жалпы билим берүүнүн базасында күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн "Маданият жана искусство" багытындагы адистиктери боюнча жалпы орто жана жалпы негизги билим берүү программасын тереңдетип өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 3 жыл 10 айды түзөт, ал эми үзгүлтүксүз көркөм окуунун системасы боюнча - 2 жыл 10 ай.

| Окууга кабыл алуу үчүн талап кылынган билим деңгээли | Тереңдетип өздөштүрүдөгү адистиктин аталышы | Күндүзгү окууда негизги кесиптик билим берүү программасын (ОПОП) тереңдетип өздөштүрүү менен кесиптик орто билим алуу мөөнөтү |
|---|---|---|
| Жалпы негизги билими жана жалпы орто билими барлар | Сүрөтчү- живописчи, мугалим | 3 жыл 10 ай |

Маданият жана искусство чөйрөсү үчүн кадрларды даярдоочу билим берүү уюмдарында окуу сааттарынын жалпы көлөмү маданият, маалымат жана туризм чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы тарабынан бекитилет.

7. Кесиптик орто билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын (10 жана 11-класстар) ишке ашырууда жалпы орто билими жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, ал эми сабактар боюнча баалар кесиптик орто билим берүү жөнүндө документке (дипломго) коюлат.

8. Абитуриентте окууга тапшырууда төмөнкү документтердин бири болуусу тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

9. Орто кесиптик билим берүүнүн программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму кайра аттестациялоонун (кайра зачет тапшыруунун) жыйынтыгы менен башка адистик боюнча жогорку кесиптик билим же орто кесиптик билим алууда студент өздөштүргөн (өткөн) өзүнчө дисциплиналар (модулдар) жана (же) өзүнчө практикалар боюнча окутуунун натыйжаларын толук же жарым-жартылай кайра кабыл алышы мүмкүн.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

10. Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу 120дан кем эмес кредитти түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

11. Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында **070907 «Живопись»** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары.

Билим берүү тармагында **070907 «Живопись»** адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаты:

- чыгармачылык жана аткаруучулук,
- көркөм билим жаатында агартуучулук,
- педагогикалык ишмердүүлүк

Жеке инсанды тарбиялоо жаатында **070907 «Живопись»** адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаты: эмгекчилдик, жоопкерчилик, жарандык, коммуникативдүүлүк, сабырдуулук, жалпы маданиятты жогорулатуу ж.б.

12. **070907 «Живопись»** адистигин (улуттук квалификациянын алкагына, тармактык/сектордук квалификациянын алкагына ылайык бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин тармактары тизмеленет) бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин тармагы:

- коомдун маданий-социалдык чөйрөсү;
- көркөм өнөр;
- - педагогиканы камтыйт.;

13. **070907 «Живопись»** адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин объектилери болуп төмөнкүлөр саналат (көрсөтүлөт):

- - курчап турган мейкиндик чөйрөсү (табигый, долбоорлонгон, жасалма түзүлгөн);
- - көркөм сүрөт искусствосун окуп-үйрөнүүчүлөр жана көркөм искусство жаатындагы ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүн окутуу процесси;
- - кесиптик көркөм билим берүү жана көркөм-эстетикалык тарбия берүү системасындагы окуп-үйрөнүүчүлөр.

14. Бүтүрүүчү даярдалып жаткан кесиптик иштин түрлөрү кызыкдар болгон иш берүүчүлөр менен бирдикте улуттук квалификациянын алкагына жана кесиптик стандартка (эгер болсо) ылайык кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары тарабынан иштелип чыгуучу анын билим берүү программасынын мазмунун аныкташы керек.

15. Бүтүрүүчү даярдалышы керек болгон кесиптик иштин милдеттеринин тизмеси кесиптик иштин тиешелүү тармагындагы квалификациялык талаптардан

жана кесиптик стандарттан (эгерде бар болсо) алынууга тийиш. Алар жок болгон учурда кесиптик иштин милдеттеринин тизмеси мамлекеттик билим берүү стандартынын долбоорун иштеп чыгуучу тарабынан иш берүүчүлөрдүн милдеттүү катышуусу менен түзүлүшү керек (милдет 15-пунктта саналып өткөн кесиптик иштин түрлөрүнө ылайык көрсөтүлөт).

16. Кесиптик орто билим берүүнүн **070907 «Живопись»** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даярдалды:

- чыгармачылык жана аткаруучулук ишмердүүлүк

- бүтүрүүчүлөрдүн жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын алууга улантуу мүмкүнчүлүгү.

- тездетилген программалар боюнча тиешелүү профилдеги жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүүгө.

- мугалимдик ишмердүүлүко (балдардын искусство мектептеринде, башка кошумча билим берүү уюмдарында, жалпы билим берүү уюмдарында, кесиптик билим берүү уюмдарындагы окуу процессин окуу-методикалык камсыздоо)

## 4-Бөлүм.
## Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар

17. Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы адистик боюнча тийиштүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын, улуттук квалификациянын алкагынын, квалификациянын жана кесиптик стандарттын (эгер бар болсо) тармактык/сектордук алкактарынын негизинде иштелип чыгат.

Орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен билим берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөнкүлөр менен туюндурулган сунуштарга ылайык негизги кесиптик билим берүү программасын 5 жылда бир жолудан кем эмес жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуу;

- билим берүү программаларына мониторинг жүргүзүү, мезгил-мезгили менен рецензиялоо;

- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана ыктарынын, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуу;

- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;

- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуу, аларды натыйжалуу колдонууну, анын ичинде окуп жаткандарды сурамжылоо аркылуу контролдоо;

- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү туруктуу негизде текшерип туруу;

- коомчулукка өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоо.

18. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтышы керек.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеш бекиткен) баалоонун жана дифференцияланган беш баллдык баалоо системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык сабактар боюнча семестрдеги учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык баалар (экзамендик баалар) коюлат.

Негизги кесиптик билим берүү программасына ылайык келген этаптуу же түпкү талаптарга студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жеке жетишкендиктеринин шайкеш келишине карата студенттерди учурдагы, орто аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн билимин, билгичтигин жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, контролдук иштерди, модулдук тесттерди камтыган баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базалары кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

19. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн жалпы компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык-иш мүнөзүндөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;

- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;

- студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берүүгө.

20. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактарды камтуусу керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

21. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;

- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;

- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

22. Студенттер тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде негизги кесиптик билим берүү программасында каралган конкреттүү сабактарды тандап алууга укуктуу.

23. Студенттер кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

24. Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

25. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагы бир жумалык аудиториялык сабактардын көлөмү адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен Мамлекеттик билим берүү стандарты менен аныкталат жана ар бир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35тен кем эмес пайызын түзөт.

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнүүчү сааттарга ошол окуу дисциплинасы (модулу) боюнча экзаменге даярданууга каралган убакыт киргизилет.

Негизги кесиптик базалык билим берүү программасын өздөштүрүүдө **070907 «Живопись»** адистигинде окугандар үчүн программада каралган тапшырманы бүтүрүүгө берилген кошумча саат (жумасына 6 академиялык саатан ашпоого тийиш) «Сүрөт», «Живопись», «Компзиция», сабактары билим алуучуларга өз алдынча иштөөнүн өзгөчө түрү болуп эсептелип, мугалимдин катышуусунда өтүлөт. Бул сабактар окуу расписаниесине, мугалимдин окуу жүктөмүнө киргизилет.

Багыты адамдын дене түзүлүшүн өздөштүрүү болгон «Сүрөт», «Живопись»,сабактарында билим алуучулар натура менен камсыз болушат.(6-8 студентке 1 демонстрант).

Окуу планында каралган аудиториялык сабактардын жандуу натурага бөлүнгөн убактысынын % дык көлөмү.

| Курс | Сабактын аталышы | | |
|---|---|---|---|
| | Рисунок | Живопись | Композиция |
| 1 курс | | | |
| 2 курс | 50 | 50 | |
| 3 курс | 100 | 100 | |
| 4 курс | 100 | 100 | 50 |
| үзгүлтүксүз көркөм окуу системасы үчүн | | | |
| 1 курс | | | |
| 2 курс | 60 | 60 | |
| 3 курс | 100 | 100 | 50 |

«Композиция, көркөм искусство чыгармаларын талдоо” дисциплиналар аралык курстар сабагында тапшырмаларды аткаруу үчүн ар бир билим алуучуга жалпы окуу мөөнөтүндө 75 саатка чейин жандуу натура менен иштөөсү каралат.

Практика негизги кесиптик билим берүү программасынын милдеттүү бөлүмү болуп саналат. Бул келечектеги кесиптик ишмердүүлүккө байланыштуу иштердин айрым түрлөрүн аткаруу процессинде практикалык көндүмдөрдү жана компетенцияларды калыптандырууга, бекемдөөгө, өнүктүрүүгө багытталган окуу ишинин бир түрү болуп саналат.

Педагогикалык практика ишмердүүлүгү студенттерди даярдоо профилине ылайык келген уюмдарда жүргүзүлүшү керек.

Окуу практикасы (адистигинин профилине ылайык) билим берүү уюму тарабынан студенттер кесиптик компетенцияларды өздөштүргөн учурда өткөрүлөт жана теориялык сабактар менен кезектешип бир нече мезгилде топтолуп да, бөлүнүп да ишке ашырылышы мүмкүн.

Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашырууда окутуу практикасынын төмөнкү түрлөрү каралат:

- пленэр (шаарда жана сыртта);
- искусство таануу (шаарда жана чет өлкөлөрдө);
- педагогикалык;
- диплом жактоо алдында.

Максаттар жана милдеттер, программалар жана отчеттуулуктун формалары билим берүү уюму тарабынан практиканын ар бир түрү боюнча аныкталат.

26. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5- Бөлүм
## Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

27. **070907 «Живопись»** адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11 жана 16-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

а) жалпы:

- ЖК 1. өз ишин уюштурууну, кесиптик милдеттерди аткаруу методун жана ыкмаларын тандоону, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоону билүү;
- ЖК 2. стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу, маселелерди чечүү, жоопкерчиликти жана демилге көтөрүү;
- ЖК 3. кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана пайдалануу;
- ЖК 4. кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;
- ЖК 5. командада иштөөнү, кесиптештер, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашууну билүү;
- ЖК 6. команда мүчөлөрүнүн (кол алдындагы) иши жана аларды иш орунда окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алуу;
- ЖК 7. жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө адаптациялануу;
- ЖК 8. чакан жамаат менен уюштуруу-башкаруу иштерине даяр болуу.

б) кесиптик иштин негизги түрлөрүнө ылайык келген кесиптик:

1. Чыгармачылык жана аткаруучулук ишмердүүлүк
2. Мугалимдик ишмердүүлүк
3. Көркөм-агартуучулук иш-чаралары.

«ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖАНА АТКАРУУЧУЛУК ИШМЕРДҮҮЛҮК»

- КК 1. Адамды жана аны курчап турган заттардын жалпы дүйнөсүн академиялык сүрөттөөнүн (рисунок) жана живопись аркылуу чагылдыруу,тартуу.

- КК 2. Көркөм форма жана аны кабылдоонун мыйзам ченемдүүлүк өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү жөнүндөгү өз билимин, ыкмаларын пайдалануу.

- КК 3. Өтүлүүчү сабактардын материалын даярдоодо бир максатка багытталган анализдерди, жалпылоонун ыкмаларын колдонуу иштерин жүргүзүү.

- КК 4. Композицияны өркүндөтүүнүн устундо үзгүлтүксүз иш жүргүзүү.

- КК 5. Живопистик жумуштарды аткаруунун ар түрдүү ыкмаларын пайдалана билүү.

- КК 6. Ар бир чыгармачылык тапшырмага, жумушка жаны образдык-пластикалык чечим табуу.

«МУГАЛИМДИК ИШМЕРДҮҮЛҮК»

- КК 7. Балдардын искусство мектептеринде, көркөм чыгармачылык искусство мектептеринде жана башка баштапкы, орто билим берүү мекемелеринде мугалимдик, окуу-методикалык ишмердүүлүктү жүргүзүү.

- КК 8. Мугалимдик ишмердүүлүктө психология жана педагогика тармагындагы атайын адабиятты колдонуу.

- КК 9. Окуу процессинин мезгилинде сабакты уюштурууну алдынкы тажрыйбага, базалык билимге тыгыз байланыштыруу.

- КК 10. Сабак берүүнүн классикалык жана азыркы мезгилдеги ыкмаларын колдонуу.

- КК 11. Окуучулар менен иштешүүдө алардын психологиялык, физиологиялык, жаш курак өзгөчолүктөрүнө жараша жекече ыкмаларды колдонуу.

- КК 12. Билим алуучулардын кесиптик денгээлин өстүрүү боюнча иш жүргүзүү.

- КК 13. Оозеки жана жазуу маданиятын, кесиптик терминологияны жакшы билүү.

КӨРКӨМ-АГАРТУУЧУЛУК ИШ-ЧАРАЛАРЫ.

- КК 14. Калктын ар кандай социалдык жана жаш топторунун эстетикалык керектөөлөрүн жана табитин өнүктүрүүнү калыптандыруу;

- КК 15. Ата мекендик жана дүйнөлүк көркөм маданияттын жетишкендиктерине, классикалык жана заманбап көркөм сүрөт искусствосунун шедеврлерине кеңири аудиторияны тартуу;

- КК 16. Маданият жана көркөм искусство жаатында коомдун көркөм-эстетикалык көз караштарын калыптандыруу ыкмалары менен жазуу жана оозеки түрдө ээлик кылуу;

28. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик программасына төмөнкүдөй блоктор жана окуу циклдери кирет:

1-блок "Дисциплиналар (модулдар)":

1) жалпы гуманитардык цикл;

2) математикалык жана табигый илим цикли;

3) кесиптик цикл;

4) дене тарбия

2-блок "Практика";

3-блок "Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация".

Орто кесиптик окуу жайы мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги билим берүү программасын иштеп чыгат жана улуттук квалификациянын алкактарына ылайык окутуунун натыйжаларына жетүүгө жоопкерчилик тартат.

Дисциплиналардын (модулдардын) топтомун жана алардын негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү эмгек сыйымдуулугун орто кесиптик окуу жайы улуттук квалификациянын алкактарында каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аны өздөштүрүүнүн талаптарын эске алуу менен ушул блок үчүн белгиленген көлөмдө өз алдынча аныктайт.

Негизги кесиптик билим берүү программасы жалпы гуманитардык циклдин билим берүү дисциплиналарын ишке ашырууну камсыз кылуусу керек, алардын тизмеси жана эмгек сыйымдуулугу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталат. Аталган дисциплиналардын мазмуну жана ишке ашыруу тартиби тиешелүү адистик боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет.

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы ушул мамлекеттик билим берүү стандартына тиркелген түзүмгө ылайык иштелип чыгат.(Тиркеме 1.)

29. Сабактардын ар бир цикли базалык (милдеттүү) жана элективдүү бөлүккө ээ болушу керек. Элективдүү бөлүк базалык бөлүктүн сабактарынын мазмуну менен аныкталуучу студенттердин билимдерин, ыктарын жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк бериши керек. Элективдүү бөлүк орто кесиптик окуу жайы тарабынан ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленет.

Мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албастан милдеттүү бөлүктүн көлөмү негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50дөн ашпаган пайызын түзүүгө тийиш.

Орто кесиптик окуу жайы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын арызы боюнча) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуучу жана зарыл болгон учурда аталган адамдардын өнүгүүсүнүн бузулушун оңдоону жана социалдык

адаптациялоону камсыздоочу негизги билим берүү программасы боюнча окуу мүмкүндүгүн берүүсү тийиш.

30. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырып окутулуучу сабактын профилине ылайык келген көркөм-сүрөт багытындагы жогорку билими бар жана системалык түрдө педагогикалык, чыгармачылык багытында методикалык иш менен алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыздалышы керек.

Мугалимдер менен студенттердин коэфиценттик катышы 1:3.

Мугалимдердин жалпы санынын 10 пайызына чейинкиси, кесиптик орто билими жана тиешелүү кесиптик чөйрөдө мамлекеттик ардактуу наамы бар, же окутуп жаткан дисциплинанын профили боюнча эмес жогорку билими бар, бирок 10 жылдан ашык тиешелүү кесиптик чөйрөдө иш тажрыйбасы бар адистер менен алмаштырылышы мүмкүн.

Кесиптик билим-берүү циклинин педагогдору тиешелүү адистик же окуу багыты боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болууга тийиш.

**070907 «Живопись»** адистиги боюнча окууга кабыл алууда «Абитуриенттерди кабыл алуу жөнүндөгү» жобонун талаптарын сактоо менен жүргүзүлөт.

**070907 «Живопись»** адистиги боюнча окууга кабыл алып алып, студенттерди топторго бөлүүдө 6 адамдан кем эмес кылуу шартын эске алуу зарыл.

Сабактардын милдеттүү жана элективдүү бөлүктөрүнүн дисциплиналары кесиптик даярдоо циклинде топтук, же чакан тайпалык сабактар түрүндө өткөрүлөт.

Кабыл алууну уюштуруу төмөнкүдөй окуу группаларын түзүү шартында ишке ашырылат:

- 6-8 студентен - кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын адистештирилген окуу дисциплиналары боюнча, "Живопись", "Сүрөт", "Түс таануу"(Цветоведение), "Чет тили", ж.б. дисциплиналары боюнча группалар үчүн.
- 10-15 адам - кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын окуу дисциплиналары жана жалпы гуманитардык, математикалык жана табият таануу циклинин, дене тарбиясынын дисциплиналары боюнча сабактар үчүн.

31. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын сабактарынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды (түзүлүүчү компетенцияларды эсепке алуу менен аныкталат) камтууга тийиш.

Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен студенттердин камсыз болуусу бир студентке 0,5 экземплярдагы ченемге ылайык келиши керек. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек. Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланылышы керек.

32. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планында каралган лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттерди практикалык даярдоонун бардык түрүн жүргүзүүнү камсыз кылган, колдонуудагы санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен ченемдерге ылайык келген пайдалуу аянтты 1 студентке 11 кв.м. материалдык-техникалык базасы болушу керек (адистиктердин негизги кесиптик билим берүү программасы үчүн маанилүү болгон материалдык-техникалык камсыздоо көрсөтүлөт, мисалы: полигондор, технологиялык лабораториялар, студиялар ж.б.у.с., ошондой эле окутуунун техникалык каражаттары менен жабдууга коюлуучу ченемдик талаптар – 2 студент/компьютер, студент/жабдык катышын сактоо ж.б.).

*Адистиги боюнча кеңселердин жана башка жайлардын минималдуу тизмеси: 070907 «Сүрөтчү-живописчи, мугалимди»*

| № | КАБИНЕТТЕР | АНДАГЫ ЖАБДЫКТАР |
|---|---|---|
| 1. | Чет тилдер кабинети | Лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютер, бор-маркер менен жазуу үчүн дубал-такта, адамдардын топторун эске алуу менен стол, отургучтар, көрсөтмө куралдар, окуу жана маалымдама адабияттары. |
| 2. | Коомдук сабактар кабинети; | Лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютер, бор-маркер менен жазуу үчүн дубал-такта, адамдардын топторун эске алуу менен стол, отургучтар, көрсөтмө куралдар, окуу жана маалымдама адабияттары. |
| 3. | Черчение жана перспектива кабинети; | Бор-маркер менен жазуу үчүн доска, стол, отургуч, адамдардын топторун эске алуу менен, көрсөтмө куралдар, окуу жана маалымдама адабияттары. |
| 4. | Информатика/компьютердик графика кабинети; | Лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютерлер, принтер, маалымдама материалдары, программалык |

| | | |
|---|---|---|
| | | камсыздоо, көрсөтмө куралдар, окуу куралдары Do, Recad P, Road cad, компас, мультимедиялык проектор. |
| 5. | Математика жана табият таануу циклинин кабинети; | Бор-маркер менен жазуу үчүн доска, стол, отургуч, адамдардын топторун эске алуу менен, көрсөтмө куралдар, окуу жана маалымдама адабияттары. |
| 6. | Композиция кабинети; | Бор-маркер, көрсөтмө куралдар, окуу жана маалымдама адабияттары менен жазуу үчүн такта. адамдардын топторун эсепке алуу менен парталар, отургучтар, методикалык фонддон иштин улгулеру. |
| 7. | Сүрөт жана живопись кабинети | Мольберт, подиум, чакан-мольберт (хлопушка) жана асма-жарыктар |
| 8. | Чаптоо (Лепка) кабинети | Скульптуралык станоктор, чопо ваннасы же контейнер, подиум, натюрморт фондусунун үлгүлөрү |
| 9. | Спорт залы | Баскетбол учун такта, теннис столдору, волейбол-баскетбол үчүн стандарттуу түрдө белгиленген пол, тор-себеттер, швед дубалдары, спорт килемдери, аркандар ж.б. |
| 10. | Китепкана, окуу залы | Китептер, столдор. Окуу залынын сыйымдуулугуна жараша отургучтар, интернетке туташкан компьютер. Билим берүү, жардамчы жана көркөм адабият. Фото жана журнал жардамдары. |
| 11. | Жыйындар залы | Сахна, отургучтары бар зал |
| 12. | Метод фонду. | Проектер жана сүрөттөр үчүн белгилер, бекиткичтери бар көлөмдүү стеллаждар. Окуу кагаз иштери жана колдонмолор үчүн текчелер. |
| 13. | Натюрморттук фонд | Классикалык скульптуралардын жана архитектуралык жасалгалардын гипс-көчүрмөлөрү. Түрдүү түстөгү жана масштабдагы драпировкалар, тиричилик буюмдары, музыкалык аспаптар, профессионалдык колдонуудагы чоң жана кичине буюмдар. |
| 14. | Медициналык бөлмө | Керебет, матрац, жууркан, аптечка, эндоскоп, термометр, стол жана отургуч |

33. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө болгон талаптар, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан аныкталган, орто кесиптик билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын натыйжаларын эске алуу менен, орто кесиптик билим берүү уюму өзү аныктайт.

**Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын**

**ТҮЗҮМҮ**

<table>
<tr><th colspan="2" rowspan="2">Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүмү</th><th colspan="2">Негизги кесиптик билим берүү программасынын жана анын окуу циклдеринин кредиттердеги көлөмү</th></tr>
<tr><th>2 жыл 10 ай<br>(9-чу жана 11-чи класстардын базасында)</th><th>3 жыл 10 ай<br>(9-чу жана 11-чи класстардын базасында)</th></tr>
<tr><td rowspan="2">1-блок</td><td>I. Жалпы гуманитардык цикл<br>II. Математикалык жана табигый илимий цикл<br>III. Кесиптик цикл</td><td>110-155(*)</td><td>150-215(*)</td></tr>
<tr><td>Дене тарбия (көрсөтүлгөн семестрлерде жумасына 2 сааттан)</td><td>3-6-семестрлер</td><td>3-7-семестрлер</td></tr>
<tr><td>2-блок</td><td>Практика</td><td>20-60(**)</td><td>20-80(**)</td></tr>
<tr><td>3-блок</td><td>Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация</td><td>5-10</td><td>5-10</td></tr>
<tr><td colspan="2">Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын көлөмү</td><td>180</td><td>240</td></tr>
</table>

**Эскертүү:**

**(*) маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн "Кесиптик цикл" окуу циклинде кошумча 210 академиялык саат каралсын (7 кредит).**

**(**) маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн "Практика" окуу циклинде 1200 академиялык саат каралсын (40 кредит).".**

**070907- “Живопись”** адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн терендетилген деңгээлинин

## БОЛЖОЛДУУ ОКУУ ПЛАНЫ.

Квалификация: “Сүрөтчү-живописчи, мугалим”

Окутуунун формасы: күндүзгү

Негизги жалпы жана орто билим берүүнүн базасында окутуунун нормативдик мөөнөтү

3жыл 10 ай

| № | Окуу процессинин элементтери, окуу дисциплиналары | Кредиттер | Баардык саат | 1 семестр | 2 семестр | 3 семестр | 4 семестр | 5 семестр | 6 семестр | 7 семестр | 8 семестр |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 17 | 21 | 17 | 21 | 17 | 21 | 17 | 10 |
| | **ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ САБАКТАР** | | | | | | | | | | |
| 1 | Кыргыз (орус) тили | 3 | 90 | X | X | | | | | | |
| 2 | Кыргыз (орус) адабияты | 3 | 90 | X | X | | | | | | |
| 3 | Орус (кыргыз) тили | 2 | 60 | | X | | | | | | |
| 4 | Дүнүйө адабияты | 2 | 60 | | X | | | | | | |
| 5 | Чет тили | 3 | 90 | X | X | | | | | | |
| 6 | Кыргызстан тарыхы | 2 | 60 | | X | | | | | | |
| 7 | Дүйнө тарыхы | 2 | 60 | X | | | | | | | |
| 8 | Адам жана коом | 2 | 60 | X | | | | | | | |
| 9 | Математика | 5 | 150 | X | X | | | | | | |
| 10 | Астрономия | 1 | 30 | X | | | | | | | |
| 11 | Физика | 3 | 90 | X | X | | | | | | |
| 12 | Химия | 3 | 90 | X | X | | | | | | |
| 13 | Биология | 2 | 60 | | X | | | | | | |
| 14 | География | 2 | 60 | | | X | | | | | |
| 15 | Аскерге чейинки даярдык | 3 | 90 | X | X | | | | | | |
| 16 | Дене тарбия | 3 | 90 | X | X | | | | | | |
| | | **41** | **1230** | | | | | | | | |
| | ***Элективдик бөлүм 360*** | | | | | | | | | | |
| 1 | Сүрөт | 3 | 90 | X | X | | | | | | |
| 2 | Живопись | 3 | 90 | X | X | | | | | | |
| 3 | Композиция | 3 | 90 | X | 2 | | | | | | |
| 4 | Живопистин техникасы | 2 | 60 | X | X | | | | | | |
| 5 | Түс жана жарык теориясы (Цветоведение) | 2 | 60 | | X | | | | | | |
| | | **13** | **390** | | | | | | | | |
| | **ЖАЛПЫ ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК – ЭКОНОМИКАЛЫК САБАКТАР 540/320** | | | | | | | | | | |
| | **Базалык бөлүм** | **15** | **450** | | | | | | | | |
| 1 | Кыргыз тили жана адабияты | 3 | 90 | | | X | X | | | | |
| 2 | Оруский тили | 2 | 60 | | | | X | | | | |
| 3 | Чет тили | 2 | 60 | | | X | X | | | | |
| 4 | Кыргызстан тарыхы | 4 | 120 | | | X | X | | | | |
| 5 | Кыргызстан географиясы | 2 | 60 | | | | X | | | | |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Манас таануу | 2 | 60 | | | | X | | | | |
| 7 | **Элективдик бөлүм** | **3** | **90** | | | | X | | | | |
| **МАТЕМАТИКАЛЫК ЖАНА ЖАЛПЫ ТАБИГЫЙ ИЛИМИЙ САБАКТАР 180/104** | | | | | | | | | | | |
| | **Базалык бөлүм** | **4** | **120** | | | | | | | | |
| 1 | Информатика | | 120 | | | X | X | | | | |
| | **Элективдик бөлүм** | **2** | **60** | | | | | | X | | |
| **ПРОФЕССИОНАЛДЫК ЦИКЛ 4110/2466** | | | | | | | | | | | |
| | **Базалык бөлүм** | **96** | **2880** | | | | | | | | |
| 1 | Сүрөт | 20 | 600 | | | X | X | X | X | X | X |
| 2 | Живопись | 18 | 540 | | | X | X | X | X | X | X |
| 3 | Композиция жана көркөм искусство чыгармаларын талдоо | 12 | 360 | | | X | X | X | X | X | X |
| 4 | Көркөм искусство чыгармаларын көчүрүп тартуу (Копирование) | 7 | 210 | | | | | X | X | X | X |
| 5 | Станоктук графика (эскиздик ,эстамп, проекттик, китептик...) | 3 | 90 | | | | | | | X | |
| 6 | Черчение | 2 | 60 | | X | | | | | | |
| 7 | Перспектива | 2 | 60 | | | X | | | | | |
| 8 | Искусство тарыхы | 8 | 240 | | | X | X | X | X | X | X |
| 9 | КР көркөм сүрөт искусствосунун тарыхы | 2 | 60 | | | | | | | X | X |
| 10 | Живопистин технологиясы | 2 | 60 | | | X | | | | | |
| 11 | Пластикалык анатомия | 3 | 90 | | | X | X | | | | |
| 12 | Чаптоо (лепка) | 3 | 90 | | | X | X | | | | |
| 13 | Компьютердик графика ( Adobe Photoshop, Adobe Illustrator, Corel Draw, 3ds Max) | 5 | 150 | | | | | X | X | X | |
| 14 | Психология | 3 | 90 | | | X | X | | | | |
| 15 | Педагогика | 3 | 90 | | | | | X | X | | |
| 16 | Сүрөт искусствосун окутуунун методикасы (чыгармачылык дисциплиналарды окутуунун педагогикалык негиздери) | 3 | 90 | | | | | X | X | | |
| **ЭЛЕКТИВДИК БӨЛҮМ / ОКУТУУЧУНУН ЖЕТЕКЧИЛИГИ МЕНЕН ПРОГРАММАЛЫК ТАПШЫРМАНЫ ЖЫЙЫНТЫКТООДОГУ КОШУМЧА ИШ 1230/1080** | | | | | | | | | | | |
| 1 | Спец. Сүрөт | 13 | 390 | X | X | X | X | X | X | X | X |
| 2 | Спец. Живопись | 14 | 420 | X | X | X | X | X | X | X | X |
| 3 | Көркөм искусство чыгармаларын көчүрүп тартуу (Копирование) | 14 | 420 | | | X | X | X | X | X | X |
| | | **41** | **1230** | | | | | | | | |
| **ӨНДҮРҮШТҮК ОКУУ ЖАНА КЕСИПТИК ПРАКТИКА (практикалык көндүмдөр жана жөндөмдүүлүктөр орто кесиптик билим берүү мекемесинин негизги кесиптик билим берүү программасы менен аныкталат)** | | | | | | | | | | | |
| 1 | Пленэрдик практика (сыртта натура менен иштөө) | 9 | 7 жума | | X | | X | | X | | |
| 2 | Искусство таануу практикасы (Кыргыз Республикасынын искусство эстеликтерин изилдөө) | 1 | 1 жума | | | | | | X | | |
| 3 | Педагогикалык практика | 4 | 4 жума. | | | | | X | | | X |
| 4 | Дипломго чейинки практика | 6 | 4 жума. | | | | | | | | X |
| | | **20**** | | | | | | | | | |

| ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯ | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Бүтүрүүдөгү квалификациялык ишти даярдоо жана коргоо | | 4 жума. | | | | | | | | X |
| 3 | Дисциплина аралык жыйынтыктоочу атестация | | 2 жума. | | | | X | | | | |
| 4 | *** ДЕНЕ ТАРБИЯ (көрсөтүлгөн сместрлерде жумасына 2-сааттан) | | | | | X | X | X | X | X | |

**Эскертүү:**
***маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн «Кесиптик цикл» окуу циклинде кошумча 210 академиялык саат (7 кредит) каралсын:**
**** маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн «Практика» окуу циклинде кошумча 1200 академиялык саат (40 кредит) каралсын.**
***** «Дене тарбия» орто кесиптик билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугунун кредиттерине кирбейт.**

**070907 «Живопись» адистиги боюнча аталган стандарт С.А.Чуйков атындагы базалык тереңдетип окутуу боюнча орто кесиптик билим берүүчү көркөм сүрөт жайынын окутуу-усулдук кеңешинин отурумунда каралган.**

**“____”_________ 2022-жылдын, № ______- токтому менен кабыл алынган.**

1. Базалык окуу жайдагы ОУКтун төрагасы:___________________Б.А. Жунушов

2. Окуу жайдагы ОУКтун
төрагасынын орун басары:________________________________Ж.С._Малаева

3. Окуу жайдын методисти:_____________________Г.К.Толоева

4. Графика боюнча циклдик
комиссиянын төрагасы:_________________________________К. Б. Акматов

5. Живопись боюнча циклдик
комиссиянын төрагасы: __________________________Н.Н. Инокентьева

6. Дизайн боюнча циклдик
комиссиясынын төрагасы:_______________________________Т.Ж. Калуев

7. ДКӨ боюнча циклдик
комиссиясынын төрагасы: ______________________И.Ч. Чаланов

8. Сүрөт боюнча циклдык
комиссиянын төрагасы ___________________ Анарбеков Ш.М